**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257 Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov St., Bishkek 720040 E-mail: **minedukg@gmail.com**

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257 **http://edu.gov.kg**

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 921/1 2021 жылдын «2» июну

**2021-2022-окуу жылына Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алууну жөнгө салуучу документтерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 (Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 22-июлундагы № 391 токтомунун редакциясына ылайык) токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарына студенттерди кабыл алуунун тартибинин негизинде **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- 2021-2022-окуу жылына Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарына абитуриенттерди аралыктан кабыл алуунун нускамасы 1-тиркемелерге ылайык;

- 2021-2022-окуу жылына Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүү графиги 2-тиркемеге ылайык.

2. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н.К. Омуровго жүктөлсүн.

**Об утверждении документов, регулирующих прием абитуриентов в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики на 2021-2022 учебный год**

На основании Порядка приема в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Правительства Кыргызской Республики от 4 июля 2012 года № 470 (в редакции постановления Правительства Кыргызской Республики от 22 июля 2020 года № 391), **приказываю:**

1. Утвердить:

- Инструкцию дистанционного приема абитуриентов в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики на 2021-2022 учебный год согласно приложениям 1;

- График проведения туров отбора и зачисления абитуриентов в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики на 2021-2022 учебный год согласно приложению 2.

2. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Н.К.Омурова.

**Министр** **Б.Д. Купешев**

1-тиркеме

**2021-2022-окуу жылына Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарына абитуриенттерди аралыктан кабыл алуунун нускамасы**

Бул кесиптик орто билим берүү уюмдарына абитуриенттерди аралыктан кабыл алуу боюнча нускама Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 24-майындагы № 802/1 буйругуна ылайык иштелип чыкты.

Нускама аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу шарттарында кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу, менчиктик формасына жана ведомстволук таандыгына карабастан Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына (мындан ары –коож) кабыл алууну жөнгө салат.

1. Күндүзгү/сырттан окуу бөлүмдөрүнө абитуриенттерди кабыл алуу жана документтерин тариздөө интернет тармагы аркылуу **https/2020.edu.gov.kg/spuz/** Автоматташтырылган маалыматтык системанын жардамы менен жүргүзүлөт.
2. Коожго тапшырууга конкурска катышуу үчүн абитуриент төмөнкү документтерди электрондук түрдө тиркөө менен **https/2020.edu.gov.kg/spuz/** сайтында өтүнмө бериши керек:

- паспорт же инсандыгын күбөлөндөрүүчү башка документти;
- жалпы орто билими жөнүндөгү аттестатты (11-класс), негизги орто билими жөнүндөгү күбөлүктү (9-класс) жана ага карата тиркемелерди;
- тапшыруудагы өзгөчө укуктарды же жеңилдиктерди (жетим статусун, майыптуулугун ж.б.) тастыктоочу документтерди.

3. Коождорго абитуриенттерди кабыл алуу үч тур менен жүргүзүлөт. Ар бир турда абитуриент бюджеттик орунга конкурска катышуу үчүн бир өтүнмө берүүгө жана контаркттык негизде окуу үчүн конкурска катышууга бир өтүнмө берүүгө укуктуу. Турларды өткөрүү графиги Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилет.
4. Абитуриенттерди бюджеттик да, ошондой эле контракттык негизде да окууга кабыл алуу үчүн конкурс орто билими жөнүндө аттестаттын (11-класс) же негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктүн (9-класс) (мындан ары – Билими жөнүндө документ) орточо баасынын суммасы жана конкреттүү адистик үчүн бир профилдик предметтин баасы боюнча, ошондой эле, онлайн тестирлөө өткөрүлгөн учурда анын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.
5. Медициналык адистиктер боюнча конкурс коож тарабынан өз алдынча жүргүзүлгөн кирүү сынактарын тапшырууда абитуриент алган баллдардын суммасы жана билими жөнүндөгү документтин жана профилдик предметтин баасы боюнча жүргүзүлөт.
6. Билими жөнүндөгү документтин орточо баасын эсептөө үчүн тиркемедеги баалар өз ара суммаланат жана алынган суммасы бардык предметтердин жалпы санына бөлүнөт, бул суммага профилдик предметтин

баасы кошулат. Кесиптик орто билим берүүнүн ар бир адистиги боюнча профилдик предметтердин тизмеси Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин буйругу менен аныкталат.

7. Жалпы баллды аныктоо үчүн билими жөнүндөгү документтин орточо баасы жана ушул Нускаманын 1-тиркемесине ылайык профилдик предмет боюнча баа суммаланат. Медициналык колледждерде жалпы баллды аныктоо үчүн билими жөнүндөгү документтин орточо баасы, профилдик предметтин баасы жана кирүү сынактарынын жыйынтыктары суммаланат. Тиешелүү түрдө жалпы балл канчалык жогору болсо, кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин ранжирленген тизмесинде (2-тиркеме) абитуриенттин рейтинги ошончолук жогору болот.

8. Эгерде бир орунга аттестаттын же күбөлүктүн орточо баасы бирдей болгон абитуриенттер талапкер болсо, анда коождун кабыл алуу комиссиясы алар үчүн аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде кошумча кирүү сынактарын өткөрүүгө укуктуу.

9. Абитуриенттердин ранжирленген тизмеси автоматташтырылган маалыматтык системада онлайн режиминде жаңыланып турат.

10. Каттоо мөөнөтү аяктагандан кийин коождун кабыл алуу комиссиясы кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин түзөт. Кабыл алууга жалпы баллы дээрлик жогорку болгон абитуриенттер сунушталат.

11. Кабыл алууга сунушталгандан кийин 3 күндүн ичинде абитуриент окууга карата келишимге кол коюу аркылуу аталган коождо окууну каалоосун тастыктоого тийиш, анын формасы Автоматташтырылган маалыматтык системада жайгаштырылат. Контракттык негизде окуу үчүн сунушталган абитуриенттер 3 күндүк мөөнөттүн ичинде окуу үчүн жылдык нарктын 50% кем эмес бөлүгүн төлөөгө тийиш.

12. Эгерде кабыл алууга сунушталган абитуриент 3 күндүк мөөнөттүн ичинде аталган коождо окууну каалоосун тастыктабаса, анда анын орду автоматтык түрдө бош болуп саналат жана ага кийинки турда конкурс жарыяланат.

13. Конкурска катышуу үчүн электрондук түрдө берилген документтердин түп нускалары окуу жылдын башында коождун кабыл алуу комиссиясына тапшырылат.

14. Абитуриенттерди кабыл алуу жөнүндө буйрук акы төлөө факты боюнча жана келишимге кол коюлгандан кийин чыгарылат.

15. Берилген документтердин көчүрмөлөрүнүн аныктыгы үчүн жоопкерчиликти абитуриент тартат. Жасалма документтерди берген учурда студент окуудан чыгарылат.

Приложение 1

**Инструкция дистанционного приема абитуриентов в образовательные учреждения среднего профессионального образования Кыргызской Республики на 2021-2022 учебный год**

Настоящая инструкция по дистанционному приему в образовательные учреждения среднего профессионального образования разработана в соответствии с приказом Министерства образования и науки Кыргызской Республики № 802/1 от 24 мая 2021 года.

Инструкция регламентирует прием в средние профессиональные учебные заведения (далее - спуз) Кыргызской Республики, вне зависимости от форм собственности и ведомственной принадлежности, реализующих основные профессиональные образовательные программы среднего профессионального образования в условиях использования дистанционных образовательных технологий.

1. Прием и оформление документов абитуриентов на дневное/заочное отделение ведется посредством сети интернет с помощью Автоматизированной информационной системы **https/2020.edu.gov.kg/spuz/.**
2. Для участия в конкурсе на поступление в спуз абитуриент должен подать заявку на сайте **https/2020.edu.gov.kg/spuz/,** прикрепив в электронном виде следующие документы:
   - паспорт или другой документ, удостоверяющий личность;
   - аттестат об общем среднем образовании (11-класс), свидетельство об основном общем образовании (9-класс) и приложение к нему;
   - документы, подтверждающие особые права или льготы при поступлении (статус сироты, инвалидность и т. д.).
3. Отбор и зачисление абитуриентов в спузы проводится в три тура. В каждом туре абитуриент имеет право подать одну заявку для участия в конкурсе на бюджетное место и одну заявку для участия в конкурсе на контрактное обучение. График проведения туров утверждается приказом МОН КР.
4. Для зачисления абитуриентов, как на бюджетную, так и контрактную формы обучения конкурс проводится по сумме средней оценки аттестата о среднем образовании (11-класс) или свидетельства об основном общем образовании (9-класс) (далее – Документ об образовании) и оценки по одному профилирующему предмету для конкретной специальности, а также, в случае проведения, результатов онлайн тестирования.
5. Конкурс по медицинским специальностям проводится по сумме баллов, полученных абитуриентом при сдаче вступительных испытаний, проводимых спузом самостоятельно, и средних оценок Документа об образовании и оценки профилирующего предмета.
6. Для подсчета средней оценки Документа об образовании, оценки вкладыша суммируются между собой, и получившаяся сумма делится на общее

количество всех предметов, к этой сумме добавляется оценка по профилирующему предмету. Перечень профилирующих предметов по каждой специальности СПО утверждается приказом МОиН КР.

7. Для определения общего балла суммируется средняя оценка Документа об образовании и оценка по профилирующему предмету в соответствии с приложением 1 к настоящей Инструкции. В медицинских колледжах для определения общего балла суммируется средняя оценка Документа об образовании, оценка профилирующего предмета и результаты вступительных испытаний. Соответственно, чем выше общий балл, тем выше рейтинг абитуриента в ранжированном списке абитуриентов, рекомендованных к зачислению (Приложение 2).

8. В случаях если на одно место претендуют абитуриенты с одинаковой средней оценкой аттестата или свидетельства приемная комиссия спуза имеет право провести для них дополнительные вступительные испытания в режиме онлайн, с применением дистанционных образовательных технологий.

9. Ранжированные списки абитуриентов обновляются в автоматизированной информационной системе в онлайн режиме.

10. После истечения срока регистрации приемная комиссия спуза формирует список абитуриентов, рекомендованных к зачислению. К зачислению рекомендуются абитуриентов с наиболее высоким общим баллом.

11. В течении 3 дней после рекомендации к зачислению, абитуриент должен подтвердить свое желание обучаться в данном спузе путем подписания договора на обучение, форма которого размещается в Автоматизированной информационной системе. Абитуриенты, рекомендованные для обучения на контрактной основе, в 3-дневный срок должны перечислить не менее 50% оплаты от годовой стоимости обучения.

12. Если абитуриент, рекомендованный к зачислению, в 3-дневный срок не подтвердит свое желание обучаться в данном спузе, то его место автоматически считается вакантным и на него в следующем туре объявляется конкурс.

13. Оригиналы документов, представленных для участия в конкурсе в электронном виде, сдаются в приемную комиссию спуза в начале учебного года.

14. Приказ о зачислении абитуриентов издается по факту внесения оплаты и подписания договора.

15. За подлинность представленных копий документов ответственность несёт абитуриент. В случае предъявления поддельных документов, студент подлежит отчислению.

## Ранжирленген тизме үчүн жалпы баллды эсептөө формуласы

Жалпы баллды эсептөө үчүн: **N=M+K,**
мында **N**- жалпы балл, **M**- орто билими жөнүндөгү аттестаттын (11-класс) же негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктүн (9-класс) орточо баасы (мындан ары документ деп аталат), **К**- конкреттүү адистик үчүн профилдик предметтин баасы.
**М** эсептөө үчүн:

1) документте көрсөтүлгөн баалардын толук тизмеси түзүлөт;
2) баалар коюлган предметтердин саны эсептелет;
3) бардык жыйынтыктоочу баалар суммаланат;
4) баалардын суммасы предметтердин санына бөлүнөт.

***Мисал:***
*Негизги жалпы билими жөнүндгү күбөлүк (9- класс):*

| *№ п/п* | *Предметтердин аталышы* | *Жыйынтыктоочу баалар* |
|---|---|---|
| *1.* | *Кыргыз тили* | *3* |
| *2.* | *Кыргыз адабияты* | *4* |
| *3.* | *Орус тили* | *4* |
| *4.* | *Орус адабияты* | *4* |
| *5.* | *Математика* | *5* |
| *6.* | *Информатика* | *4* |
| *7.* | *Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых* | *4* |
| *8.* | *Адам жана коом* | *4* |
| *9.* | *География* | *4* |
| *10.* | *Физика* | *4* |
| *11.* | *Химия* | *4* |
| *12.* | *Биология* | *4* |
| *13.* | *Чет тили (англ.)* | *4* |
| *14.* | *Технология (эмгек, черчение жана дизайн)* | *4* |
| *15.* | *Көркөм сүрөт чыгармачылыгы* | *4* |
| *16.* | *Музыка* | *5* |
| *17.* | *Дене тарбия* | *5* |

***Үлгү үчүн:***
*Баалардын суммасы =3+4+4+4+5+4+4+4+4+4+4+4+4+4+4+5+5=70*
*Предметтердин саны= 17,* $M = \frac{\text{Баалардын суммасы}}{\text{Предметтердин саны}} = \frac{70}{17} = 4{,}11$

*190701 « Ташып жеткирүүлөрдү уюштуруу жана транспортту башкаруу» адистиги тандалды. Профилдик предметтер:* ***математика.***

| **№** | **Предметтин аталышы** | **Жыйынтыктоочу баасы** |
|---|---|---|
| *5.* | *Математика* | 5 |

*Жалпы баллды эсептөө үчүн:* **N=M+K**= 4,11+ 5= **9,11**
*Демек, ранжирленген тизме үчүн жалпы балл* ***9,11***

Приложение 1

## Формула расчета общего балла для ранжированного списка

Для расчета общего балла**: N=M+K,**
где **N**- общий балл, **M**- средняя оценка аттестата о среднем образовании (11-кл.) или свидетельства об основном общем образовании (9-кл.) (в дальнейшем, именуемый документ), **К**- оценка профилирующего предмета для конкретной специальности.
Для расчета **M**:

5) составляется полный список оценок, указанных в документе;
6) подсчитывается количество предметов, за которые выставлены оценки;
7) суммируются все итоговые оценки;
8) сумма оценок делится на количество предметов.

*Пример:*
*Свидетельство об основном общем образовании (9- кл.):*

| *№* | *Наименование предметов* | *Итоговые отметки* |
|---|---|---|
| *1.* | *Кыргызский язык* | *3* |
| *2.* | *Кыргызская литература* | *4* |
| *3.* | *Русский язык* | *4* |
| *4.* | *Русская литература* | *4* |
| *5.* | *Математика* | *5* |
| *6.* | *Информатика* | *4* |
| *7.* | *История Кыргызстана и мировая история* | *4* |
| *8.* | *Человек и общество* | *4* |
| *9.* | *География* | *4* |
| *10.* | *Физика* | *4* |
| *11.* | *Химия* | *4* |
| *12.* | *Биология* | *4* |
| *13.* | *Иностранный (англ.) язык* | *4* |
| *14.* | *Технология (труд, черчение и дизайн)* | *4* |
| *15.* | *Изобразительно- художественное творчество* | *4* |
| *16.* | *Музыка* | *5* |
| *17.* | *Физическая культура* | *5* |

***Для образца**:*
*Сумма оценок (отметок)=3+4+4+4+5+4+4+4+4+4+4+4+4+4+4+5+5=70*

*Количество предметов= 17* $\quad \text{M} = \frac{\text{Сумма оценок}}{\text{Количество предметов}} = \frac{70}{17} = 4{,}11$

*Выбрана специальность 190701 «Организация перевозок и управление на транспорте» Профилирующий предмет:* ***математика.***

| **№ п/п** | **Наименование предметов** | **Итоговые отметки** |
|---|---|---|
| *5.* | *Математика* | *5* |

*Для расчета общего балла:* **N=M+K**= 4,11+ 5= **9,11**
*Итак, общий балл для ранжированного списка* **9,11**

1-тиркеме

**Конкурска катышуучу абитуриенттердин ранжирленген тизмеси**
**Ташып жеткирүүлөрдү уюштуруу жана транспортту башкаруу**

Адистик боюнча кабыл алуу планы: 5. Бардыгы катталгандар: 10.
Сунушталды: __ Тастыкталды: ___
1-тур. Жыйынтыгында бош орундар: 5. Катталгандар: 10

| | *Аты-жөнү* | **M** | **K** | **N** |
|---|---|---|---|---|
| *1* | *№8 абитуриент* | *5* | *5* | *10* |
| *2* | *№2 абитуриент* | *4,2* | *5* | *9,2* |
| *3* | *№7 абитуриент* | *3,9* | *5* | *8,9* |
| *4* | *№1 абитуриент* | *4,11* | *4* | *8,11* |
| *5* | *№6 абитуриент* | *4,6* | *4* | *8,6* |
| *6* | *№9 абитуриент* | *3,5* | *4* | *7,5* |
| *7* | *№3 абитуриент* | *3,8* | *4* | *7,8* |
| *8* | *№4 абитуриент* | *4,3* | *3* | *7,3* |
| *9* | *№5 абитуриент* | *4,5* | *3* | *7,5* |
| *10* | *№10 абитуриент* | *3* | *3* | *6* |

Приложение 1

**Ранжированный список абитуриентов, участвующих в конкурсе**
**Организация перевозок и управление на транспорте**

План набора по специальности: 5. Всего зарегистрированных: 10.
Рекомендовано: __ Подтверждено: ___
1-тур. Итого вакантных мест: 5. Зарегистрированных: 10

| | *ФИО* | **M** | **K** | **N** |
|---|---|---|---|---|
| *1* | *Абитуриент №8* | *5* | *5* | *10* |
| *2* | *Абитуриент №2* | *4,2* | *5* | *9,2* |
| *3* | *Абитуриент №7* | *3,9* | *5* | *8,9* |
| *4* | *Абитуриент №1* | *4,11* | *4* | *8,11* |
| *5* | *Абитуриент №6* | *4,6* | *4* | *8,6* |
| *6* | *Абитуриент №9* | *3,5* | *4* | *7,5* |
| *7* | *Абитуриент №3* | *3,8* | *4* | *7,8* |
| *8* | *Абитуриент №4* | *4,3* | *3* | *7,3* |
| *9* | *Абитуриент №5* | *4,5* | *3* | *7,5* |
| *10* | *Абитуриент №10* | *3* | *3* | *6* |

2-тиркеме

**2021-2022-окуу жылына Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүүнүн графиги**

| | |
|---|---|
| **Биринчи тур** | |
| 2021-жылдын 12-19-июлу | Конкурска катышуу үчүн өтүнмө берүү |
| 19-июлда саат 14.00 | Онлайн каттоо аяктайт |
| 20-июлда саат 10.00 чейин | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илинет |
| 21, 22 жана 23-июль | Абитуриенттердин коожго кабыл алууну каалоосун тастыктоосу |
| **Медициналык колледждер үчүн биринчи тур** | |
| 2021-жылдын 12-19-июлу | Конкурска катышуу үчүн өтүнмө берүү |
| 19-июлда саат 14.00 | Онлайн каттоо аяктайт |
| 20, 21, 22-июль | Медициналык колледждердин абитуриенттери үчүн кирүү сынактарын өткөрүү<br>**Эскертүү**: Эгерде колледжде кирүү сынактарын 1 күндө өткөрүү мүмкүнчүлүгү бар болсо, анда алар 20-июлда өткөрүлүшү керек |
| 23-июлда саат 10.00 чейин | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илинет |
| 24, 26 жана 27-июль | Абитуриенттердин коожго кабыл алууну каалоосун тастыктоосу |
| **Экинчи тур** | |
| 26 июль – 2-август | Конкурска катышуу үчүн өтүнмө берүү |
| 2-августта саат 14.00 | Онлайн каттоо аяктайт |
| 3-августта саат 10.00 чейин | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илинет |
| 4, 5 жана 6-август | Абитуриенттердин коожго кабыл алууну каалоосун тастыктоосу |
| **Медициналык колледждер үчүн экинчи тур** | |
| 28 июль-4 август | Конкурска катышуу үчүн өтүнмө берүү |
| 4-августта саат 14.00 | Онлайн каттоо аяктайт |

| | |
|---|---|
| 5, 6 жана 7-август | Медициналык колледждердин абитуриенттери үчүн кирүү сынактарын өткөрүү<br>**Эскертүү**: Эгерде колледжде кирүү сынактарын 1 күндө өткөрүү мүмкүнчүлүгү бар болсо, анда алар 5-августта өткөрүлүшү керек |
| 9-августта | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илинет |
| 10, 11 жана 12-август | Абитуриенттердин коожго кабыл алууну каалоосун тастыктоосу |
| **Үчүнчү тур** | |
| 9-18-август | Конкурска катышуу үчүн өтүнмө берүү |
| 18-августта саат 14.00 | Онлайн каттоо аяктайт |
| 19-августта саат 10.00 чейин | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илинет |
| 20, 21 жана 23-август | Абитуриенттердин коожго кабыл алууну каалоосун тастыктоосу |
| **Медициналык колледждер үчүн үчүнчү тур** | |
| 13-22-август | Конкурска катышуу үчүн өтүнмө берүү |
| 22-августта саат 14.00 | Онлайн каттоо аяктайт |
| 23, 24 жана 25-август | Медициналык колледждердин абитуриенттери үчүн кирүү сынактарын өткөрүү<br>**Эскертүү**: Эгерде колледжде кирүү сынактарын 1 күндө өткөрүү мүмкүнчүлүгү бар болсо, анда алар 23-августта өткөрүлүшү керек |
| 26-августта саат 10.00 чейин | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илинет |
| 27, 28 жана 30-август | Абитуриенттердин окожго кабыл алууну каалоосун тастыктоосу |

Приложение 2

**График проведения туров отбора и зачисления абитуриентов в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики на 2021-2022 учебный год**

| | |
|---|---|
| **Первый тур** | |
| 12-19 июля 2021 года | Подача заявок для участия в конкурсе |
| 19 июля в 14.00 | Заканчивается онлайн регистрация |
| 20 июля до 10.00 | Вывешиваются списки абитуриентов, рекомендованных к зачислению |
| 21, 22 и 23 июля | Подтверждение абитуриентами желания быть зачисленными в спуз |
| **Первый тур для медицинских колледжей** | |
| 12-19 июля 2021 года | Подача заявок для участия в конкурсе |
| 19 июля в 14.00 | Заканчивается онлайн регистрация |
| 20, 21, 22 июля | Проведение вступительных испытаний для абитуриентов медицинских колледжей<br>**Примечание**: Если колледж имеет возможность провести вступительные испытания за 1 день, то они должны быть проведены 20 июля |
| 23 июля до 10.00 | Вывешиваются списки абитуриентов, рекомендованных к зачислению |
| 24, 26 и 27 июля | Подтверждение абитуриентами желания быть зачисленными в спуз |
| **Второй тур** | |
| 26 июля-02 августа | Подача заявок для участия в конкурсе |
| 2 августа в 14.00 | Заканчивается онлайн регистрация |
| 3 августа до 10.00 | Вывешиваются списки абитуриентов, рекомендованных к зачислению |
| 4, 5 и 6 августа | Подтверждение абитуриентами желания быть зачисленными в спуз |
| **Второй тур для медицинских колледжей** | |
| 28 июля – 4 августа | Подача заявок для участия в конкурсе |
| 4 августа в 14.00 | Заканчивается онлайн регистрация |
| 5, 6 и 7 августа | Проведение вступительных испытаний для абитуриентов медицинских колледжей |

| | |
|---|---|
| | **Примечание**: Если колледж имеет возможность провести вступительные испытания за 1 день, то они должны быть проведены 5 августа |
| 9 августа | Вывешиваются списки абитуриентов, рекомендованных к зачислению |
| 10, 11 и 12 августа | Подтверждение абитуриентами желания быть зачисленными в спуз |
| **Третий тур** | |
| 9-18 августа | Подача заявок для участия в конкурсе |
| 18 августа в 14.00 | Заканчивается онлайн регистрация |
| 19 августа до 10.00 | Вывешиваются списки абитуриентов, рекомендованных к зачислению |
| 20, 21 и 23 августа | Подтверждение абитуриентами желания быть зачисленными в спуз |
| **Третий тур для медицинских колледжей** | |
| 13-22 августа | Подача заявок для участия в конкурсе |
| 22 августа в 14.00 | Заканчивается онлайн регистрация |
| 23, 24 и 25 августа | Проведение вступительных испытаний для абитуриентов медицинских колледжей<br>**Примечание**: Если колледж имеет возможность провести вступительные испытания за 1 день, то они должны быть проведены 23 августа |
| 26 августа до 10.00 | Вывешиваются списки абитуриентов, рекомендованных к зачислению |
| 27, 28 и 30 августа | Подтверждение абитуриентами желания быть зачисленными в спуз |